# БАЛАЛУУ БОЛУУ ИДЕЯЛАРЫ КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНДА: ТАРБИЯ ЖАНА САЛТТАР

Жаннат КАДЕНОВА *

**Аннотация:** Макалада кыргыз элинин турмушундагы балалуу болуунун мааниси, анын элдинтабигый, руханий жана моралдык баалуулуктары менен байланышыбелгиленет.Баласыз адамдын трагедиясы “Манас” эпосундагы бай Жакыптын мисалында көрсөтүлөт. Жакып канчалык бай болсо да, анын жашы өтүп, ошол байлыгына ээ болор туягынын, элин коргой турган азаматтын жоктугу жанын кейитет. Элдик педагогикадагы бала түшүнүгү, адам үчүн баланын зарылдыгы тууралуу сөз болот. Ошондой эле балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн, өзгөчө табигый тарбиячылардын ролу, муундан муунга өтүп келе жатканкаада-салттардын мааниси каралат.

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз этнопедагогикасы, моралдык баалуулуктар, руханий өнүгүү, балалуу болуу, тарбия, салттар, үй-бүлө,гармония, маданият, табият,элдик салттар,инсан.*

**Ideas of Having Children in Kyrgyz Folk Pedagogy: Upbringing and Traditions**

**Abstract:** The article highlights the significance of having children in the life of the Kyrgyz people, emphasizing its connection with the nation's natural, spiritual, and moral values. The tragedy of childlessness is illustrated through the example of the wealthy Jakyp from the "Manas" epic. Despite his wealth, Jakyp is troubled by the fact that he has no heirs to inherit his wealth and no one to protect his people in his old age. The article discusses the concept of children in folk pedagogy and the necessity of children for a person. It also examines the role of family, particularly natural caregivers, in raising children, and the importance of customs and traditions passed down through generations.

***Key Words:*** *Kyrgyz ethnopedagogy, moral values, spiritual development, having children, upbringing, traditions, family, harmony, culture, nature, folk traditions, human.*

## Киришүү

Кыргыз элинин педагогикасында балалуу болуу, артынан мураскер, учун улаар урпак, туяк калтырууга өзгөчө маани берилет. Балалуу болуу, наристе көрүү, баланы тарбиялоо, анын өнүгүүсү, жеке инсандыгын өздөштүрүү жана балалыкты бапестөө маселелери - бул кыргыз элинин педагогикалык концепциясынын өзөктүү темаларынан болуп саналат. Кыргыздын ата-бабаларынан калган бала тарбиясынын салттык формалары жана ыкмалары улуттун дүйнө таанымына негизделип, жаш муундарды тарбиялоодогу өзгөчө орду менен айырмаланат. Балалык адам жашоосундагы маанилүү учур болуп, кыргыз элинин педагогикалык көз карашында бала – коомдун келечеги жана улуттун уңгусу, эл ишеничи, улуулуктун символу катары каралган.

Кыргыз маданиятында баланын төрөлүшү үй-бүлө үчүн гана эмес, бүт коом үчүн да чоң окуя катары эсептелген. Баланын жарык дүйнөгө келиши менен, аны тарбиялоо жараяны башталат, ал табият, үй-бүлө жана элдин руханий баалуулуктары менен байланышкан.

Кыргыз элдикпедагогикасында балалык –физикалык жана руханий мааниге ээ. Ата-бабалар баланы жигердүү деп карап, аларга карата жылуу мамиле, эне мээрими, сүйүү жана ар кандай чөйрө (табият, коом) менен жакшы мамиледе болуусу абзел экендигине турмуштук тажрыйбадан улам ынанып, өздөрүнүн иш-амалдары менен көрсөтүп келген. Балалуу болуу тууралуу түшүнүк кеңири каралып, ага өзгөчө маани берилген. Эне болуу, аталык милдет-парзды аткаруу, ата-эненин бала тарбиялоодогу ролу, коомдогу орду жана жоопкерчилиги кеңири талкууланып, изилдөөгө алынган.

Балалык төрөлүү менен өспүрүм курактын башталышынын ортосундагы жашоо этабы деп аталат, организмдин интенсивдүү өсүшү жана жогорку психикалык функциялардын калыптанышы менен мүнөздөлөт. Азыркы философияда, социологияда, психологияда балалык биологиялык негизге ээ, көптөгөн социалдык-маданий факторлордун таасиринен өткөн татаал көп өлчөмдүү феномен катары мүнөздөлөт [1].

* Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Кыргызстан kadenova_edu.kg@bk.ru

Адамдын жашоосундагы балалык мезгилдин маанисин баалоо татаал. Балалык жылдарда ден соолуктун негиздери, инсандык баалуулук-ченемдери калыптанат, ошондой эле жалпы илимий билимдердин негиздери үйрөтүлүп, эмгекке тарбиялоонун баштапкы көндүмдөрүн үйрөтүү жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге бул куракта адаттар, кулк-мүнөз жана жүрүм-турумдун сапаттары калыптанып, бойго жеткен жашоонун белгилерин аныктайт.

Кыргыз элдик каада салттарында баланы тарбиялоо – көбүнчө катаал жана мээримдүүлүктү, аң сезимдүү мамилени жана олуттуу жоопкерчиликти талап кылган жараян болуп эсептелет.Баланы эрезеге жеткирүү, чыныгы инсандык сапаттарды калыптандыруу, биринчи кезекте моралдык жана адамгерчиликтүү аспекттерге басым жасоо зарылдыгын шарттайт.

Кыргыз эли байыртан баланын инсандыгын жана жашоодогу ордунбекем түшүнгөн жана аны келечекке даярдоого олуттуу мамиле кылып келген.Кыргыз элдик педагогикасында балалуу болууга байланышкан түшүнүктөр кеңири тараган. Баланы тарбиялоодо эчен кылымдан бери натыйжалуу пайдаланып келген элдик каада салттар, улуулардын акыл сөздөрү жана элдик оозеки чыгармачылык тарбия каражаттары катары кыргыз педагогикасында зор мааниге ээ экендиги талашсыз. Арийне, бала тарбиялоо – улуттун келечеги, мында элдик педагогикалык казынадагы принциптердин терең маанисин түшүнүү абзел.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, анын ичинде «Манас» эпопеясы, көп катмарлуу, көптөгөн доолордун жана көптөгөн чыгармачыл адамдардын акыл-оюнун продуктусу катары мүнөздөлүп келгендиги талашсыз.Ырасында улуу мураста эң эле байыркы доорлордон берки элдин акылман көз караштары, асылидеялары сиңдирилген, жана жашоо философиясынын бардык аспектилери камтылып, анын ичинде инсандын калыптанышына байланыштуу баалуу педагогикалык ойлор арбын.

Үй-бүлөлүк баалуулуктар коомдогуүй-бүлөлүк максаттарды, жашоо активдүүлүгүн уюштуруу ыкмаларын жана өз ара аракеттенүүгө таасир этүүчү үй-бүлө түшүнүгүнүн жалпылыгын туюндурат[2].

Фольклордогу инсан архаикалык: мифологиялык, зооморфтук, тотемдик, фетиштик ж.б. формааларда пайда болуу менен улам барган сайын баатырдык-романтикалык, баатырдык-реалдуу образдарга өтөт.Чыңгыз Айтматов белгилегендей: «Бизде окуган адамды суктанткан «Кожожаш» деген эпос бар. Анда адам, жаратылыш, жаныбарлар дүйнөсү чагылдырылган. Анын бир бутагын повесттеримде пайдаланган элем. Эпосто бир уруу элди аң эти менен баккан мерген кайберендерди калтырбай кырып жибергендиги жөнүндө айтылат. Күндөрдүн биринде Сурэчки ага жалынып-жалбарып: «карылыгы жетти, Алабашты ая, аны атсаң кайберендин тукуму курут болот», - дейт. Эгер бизди аябасаң, кулак угуп, көз көрүнгүс каргышка каласың деп айтып жибергенин да байкабай калган экен. Бул сөз мергендин күлкүсүн келтирет. Сурэчкинин колунан эмне келмек эле дейт да, картаң эчкинин өзүн атат. Сурэчки аксак бутун сүйрөп качып отуруп, Кожожаш мергенди асман мелжиген кайра түшкүс аскага алып келет да: «Мына биздин каргыш!» деп, кайра түшүп кеткен экен.

Байыркы ой жүгүртүүдө экологиялык туңгуюк мына ушундайча сүрөттөлгөн. А менин бүтүмүм мындай: байыркы заманда адам баласы жаратылышты бүлдүрүүдөн сактаган, ал турсун жашоо-тиричилик таламдары үчүн жан-жаныбарларды кырып жоюуга батына алган эмес. Ошол эле экология проблемасынын бүгүнкү күндөгү биздин негизги түйшүгүбүздүн мына ушул аспектилери айкындала баштаган» [3].

Жогоруда таасын белгиленгендей кыргыздардын байыркы экологиялык-этикалык түшүнүгү каарманды туңгуюкка такап, ажал менен арбаштырып, өлүмгөкептегендей кыргыз элинде бала мекенчил болуп тарбия албаса, анда анын гана эмес, жалпы элдин тагдыры, келечеги туңгуюк болуп, трагедиялуу турмушка туш болоору тууралуу идеялар

көп кездешет. Андыктан кыргыздын улуттук насили «Эр жигит эл четинде жоо бетинде», «Эл четине жоо келсе—жан аяган жигитпи, жакшы көргөн досунан — мал аяган жигитпи», «Баатырдын жоодон өлгөнү — элине шыпаа», «Ар-намыстуу эр жигит элинин даңкын чыгарат»деген сыяктуу элдик асыл наркты баланын акыл туюмуна сиңдирип, анын эл үчүн кызмат өтөгөн чыныгы инсан катары жетилишине кам көрүшкөн. «Манас» эпосунда да баланын чыныгы инсан,эл камын ойлогон баатыр, патриотболуп калыптанышында улуттук каада, элдик салттардын таасири зор жана эл турмушунда тажрыйбадан өтүп, натыйжалуу жемишин берген тарбиялоо каражаттарынын, элдик ыкмалардын таасирдүүлүгү, анын жугумдуу экендиги далилденген.

Элибизде «Бешиктеги баланын бек болоорун ким билди», «Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар», «Болоор бала богунан», «Бак коноор адамдын уулу эптүү, кызы көрктүү болот» деген накыл кептер аркылуунаристенин эл намысына жаралган азамат болушун бийик мүдөө менен күтүшкөн.

Чындыгында этнопедагогика үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруунун орошон булагы болуп саналат. Педагогикалык иш-аракеттердин үй-бүлө жана баланын инсандыгын тарбиялоо тууралуу баалуулуктарды калыптандырууда натыйжалуу болушу үчүн, белгилүү бир теориялык-методологиялык базага негизделген элдик педагогика колдонулушу керек. Жогоруда берилген макал, накыл сөздөрдөн улам бала тарбиясына байланышкан баалуулуктарды калыптандырууда элдик педагогиканын натыйжалуу каражаты болуп, жомоктор, уламыш, эпостор, санаат ырлары жана жогорку педагогикалык потенциалга ээ болгон макал-лакаптар эсептелери айгинеленди.

Окуучуларды элдин руханий жана маданий салттарына тарбиялоонун маанилүү шарты - билим берүү процессинин бүтүндүгүн, илимийлүүлүгүн, мектептин жана этнопедагогиканын интеграциясын камсыздоо болуп саналат [4].

Үй-бүлө кыргыздарда балдарды тарбиялоодо борбордук ролду аткарат. Бала төрөлгөндөн баштап, ата-энеси жана жакын чөйрөсү аны физикалык жактан гана эмес, руханий жактан да өстүрүүгө кам көрүшкөн. Этнопедагогика баланын мээримге толуп, гармонияда өсүүсү туура моралдык жана адамгерчилик сапаттардын калыптанышын шарттарын баса белгилейт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө чоң эне жана чоң аталардын тарбиячылык табиятына чоң маани берилген, алар өздөрүнүн билимин жана салттарын неберечөбөрөлөрүнө өткөрүп беришкен. Алар акылмандыктын, кеменгердиктин жана тарбиянын сактоочулары болуп, балдарга улууну урматтоону, чынчылдыкты, эмгекчилдикти жана мекенчилдикти деги эле мыкты инсанга тиешелүү бардык асыл сапаттарды үйрөтүшкөн.Үй-бүлө, түрү жана түзүлүшүнө карабастан, баланын руханий-моралдык дүйнөсүн калыптандырууда маанилүү роль ойнойт, ал тарбиялоо жана баланы социалдаштыруу функцияларын жүзөгө ашырат.

Ошондой эле улуттун уңгусу болгон «Манас» эпосунда Манастын төрөлүшү, анын жарык дүйнөгө келиши – кыргыз педагогикасындагы өзүнчө кызыктуу жана уникалдуу феномен. Эпостун дээрлик бардык варианттарында Жакып жана анын аялы Чыйырды балага зар болуп жашы өтүп бара жаткан учур чагылдырылат. Алардын үй-бүлөлүк драмасы да салттуу кыргыз педагогикасынын өзөгүнөн өнүп чыккан жана өзүнчө мааниге ээ. Чыйырдынын өз ысымы – Шакан. Анын биринчи күйөөсү Жакыптын агасы Чыйыр деген киши болгон, ал каза болгондон кийин, кыргыздын эзелки салты боюнчакайниси жеңесин өз никесине алат. «Чыйырдын аялы» аталып жүрүп, анын Шакан аты унутта калып, аты Чыйырды аталып калат. Чыйырды менен Жакып балалуу болбой, бала жытына зар болушат.Жараткан аларга эсепсиз байлык, сан жеткис мал берген менен артынан калаар туяк бербей оор сыноого кабылтат. Эпостун текстинде Бай Жакыптын ызаланганы төмөндөгүчө берилет:

Зарлап жүрүп бала үчүн,
Зар болдум жакшы күлүүгө.
Оболоп учкан ак шумкар,
Таптап салар кишим жок.
Жаш күнүмдөн мал жыйдым,
Бала менен ишим жок.
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен.
Артыңда бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен.
Менин малымарбын, башымжок,
Ичим капа, тышымчок
Караан малгаээболчу
Карасамэркек балам жок,
Же, менин бала тапчучамамжок,
Топозумтоксонмиңболду,
Менинбайлыгымжуртка даңболду.
Менин малым түмөн, балам жок,
Жараткан себеп болбосо,
Менин андан башка чарам жок! [5, 57-58], - деп зар какшайт.

Кыргыз эл педагогикасында эркек бала мал ээси, атанын орун басары, коломто отун улантуучу болуп эсептелет.Короо толгон түмөн мал, казына толгон алтын баланын ордун баспайт,  баласы жоктук, тукумсуз өтүү, артында туягы жок деген адам чыдап көтөргүсчоң трагедия. Тукум улоочу туяксыз өтүүнүн кейиштүү тагдырын түшүнгөн Жакып менен Чыйырды элдик ишенимдерге негизделген түрдүү айла-амалдарды, ырымдарды жасашат. Эпостун текстинде ал ишенимдер, тыйымдар кеңири чагылдырылып, кыргыздардын тарбиялоо маданияты менен кошо берилет. Алардын айрымдарын саресеп салсак:

Биринчиси, Жакыптын адаттан тышкаркы түшү. Түшүнө куудан башка жүнү бар, куштан башка үнү бар, алп кара куш сүрү бар, саңоолору сары алтын, таканак жүнү баары алтын, текөөрү болот, туягы канжар бир канаттууну көрүп, аны тутуп алат, кармап алган кушка жибектен боо байлайт. Бул кыргыз элинин түшүнүгүндө түшкө ишенүү, анын перзенттүү болушу, болочок наристенин баатыр, элдин керегине жараган чыгаан болуп төрөлөөрү  тууралуу алгачкы аян.

Саякбай Каралаевдин вариантында уктап калган Жакыптын түшүнө думана кирип, мен Кыдыралеки саламмын, уулдуу болосуң, атын Манас койгун, калмактарга Чоңжинди деп угуз, балаң чоң баатыр болот, бүгүн кула бээң тулпар тууйт, Манастын согушка минер аты ошол болсун дейт.

Экинчиси,кыргыздар түштү түндөсү жорууга тыюу салышкан, ошондой эле көргөн түштү жакын адамына гана айтышкан. Жакыптынжакын санаалашы, сырдашкан адамы, муңдашы, армандашы байбичеси Чыйырды болгон. Түшү тууралуу байбичесине гана айтат, башкаларга түш жөнүндө айтпоо керектигин белгилеп, түштү бузуу, тескери келтирип коюу – душмандардын белгиси болот. Кыргыздын элдик педагогикасында түш жакшы болсо ойгонор менен «Ушул түшүм түш келбей, туш келсин» деп, көктү карап туруп, бата кылат, эгер түш жаман болсо ойгонор менен «Ушул түшүм ушул түн менен, ушул кара суу менен кетсин» деп, суу менен оозду үч жолу чайкап, ары карап түкүрүп коёт, же агын сууга барып, кайталап үч жолу айтып, артын карабай баса берсе, жаман түш суу менен агып кетет деген ишеним бар. Түштү жоруганды билген гана адамга айтат, түштүн башы казандай, мойну кылдай деген ишенимден уламтүш жоруганга жараша

турмушка ашат деген бекем ишеним бар. Жакып менен Чыйырды элдик педагогиканын ушул салтын тутунуп, түштү биринчиден, купия жакшылыкка – балалуу болууга жоруйт, экинчиден, бул түш тууралуу эч кимге айтышпайт.

Үчүнчүсү, болочок бала тууралуу аян берген түштү билермандарга жоорутуп, элден бата алуу керек деген чечимге келишет.

Ээн калган көп малдын,
Несин аяп коёлу,
Эртеңден баштап эл жыйып,
Эч болбосо
Бир элүү-кырк мал соёлу.
Аябай малды соёлук,
Арты кандай ким билет,
Бир аз той кылып коёлук [6, 29].

Бул жөрөлгө ошол менен чектелбейт, болочок баланын жакын арада бойго бүтүүсү үчүн түш туура келиши шарт деп эсептешип, өзгөчө түлөө өткөрүшөт. Ага тогуз бээ, токсон кой, ак баш инген төө, жети сыйыр союшуп,Алтайдагы уруулардын билгилери чакырылат.

Төртүнчүсү, болочок бала тууралуу түштү жакшылыкка жору. Жакып түшүн төкпөй-чачпай Байжигитке айтат, ал мындай жоруйт:

«Ай тийген жердин баарысын, алат экен балаңыз»,

«Күн тийген жердин баарысын күтөт экен балаңыз»,

«Алтымыш жашка чыкканча, аким болуп журт сурап, алат экен дүйнөнү» [6, 47]. Ошентип, баланын тагдыры, анын төрөлүшү, хан болушу жана канчага чейин жашай тургандыгы али бала түйүлдүк боло элек кезде эле түш аркылуу көрүнүп, чечилип жатат.

Бешинчиси,Чыйырды ак элечек кийип, түн бою ак тилек, ак ой менен бала тилеп чыгат. Муну Жакыпка билдирбей, ал жашыруун өзү жасайт.

Алтынчысы, Жакыпка адамдардын аялыңды ардант, аны үчүн токойго жалгыз алып барып таштап сал дешкени жана Жакыптын ошондой жол-жоболорду да аткарышы.

Жетинчи, Жакып эч кимге кошпой жалгыз гана Чыйырдыны намыстантып, үйдөн айдып ийиши, ошондон кийин гана боюна бала бүтүшү.

Сегизинчи, Манас туула электе эле, Жусуп Мамайдын варианты боюнча душман тараптын китептерди окуп алдын ала эле ушундай бир баланын төрөлө тургандыгын билиши. Ошон үчүн алар кыргыздын боюнда бар аялдын ичин жарып чыгышы

Тогузунчу,Чыйырдыны ар бир боюнда бар аялдын курсагын жарып жүргөн кечилден жашырып катындардын айла-амал менен «ит туудуруп ийиши» [7, 342].

Онунчусу, баатырдын энесинин талгагы. Талгак – кыргыз элиндеги абдан көп жыл практикада сыналган педагогикалык түшүнүк. Кыргыздын элдик педагогикасы боюнча:

1. Талгагы канбаса, баланын бети-башы чуңкурайып калат
2. Талгагы канбаса, баланын өмүрү кыска болуп калат
3. Талгак аял жактырбаган нерсеге болуп калат дешет
4. Талгак болгон нерсе эмне экени билинбей, «ит талгак» болуп калгандарга жөн гана күчтүү тамактарды ылгабай бере беришет
5. Талгак болгон нерсе эмне экени билинбей, көрүнгөн нерсени жей берсе, «ит талгак» дешет
6. Талгак болгон нерсеге карата баланын мүнөзү, тамак-ашы болот
7. Талгак болгон нерсени аялынан мурда күйөөсү жеп ийсе, күйөөсүн аялынан мурда толгоо тартат, же кошо толготот

8. Талгак болгон нерсени таап келип, талгагын кандыруу келиндин күйөөсүнүн милдети

9. Талгак канбаса, бойдогу бала жакшы болбой калат.

Мына ошол өңүттөн караганда баягы түштөн эки жыл өткөн соң Чыйырдынын кош бойлуу экендиги билинет. Анын тамакка табити тартпай, жолборстун жүрөгүнөн башкага көңүлү чаппай ошону гана күсөйт. Чыйырды талгак болгон жаныбар болочок баланын мүнөзү, жүрүш-турушу менен байланышат деп айтылат. Жакыптын аялынын жолборстун жүрөгүнө талгак болгону мергенмин дегендин баарын түйшүккө салат, ошол кезде Каңгайдын Карамергени жолборс атыптыр деген сөз тарап, ага Жакыптын жылкычыларынын бири Бадалбай жөнөп кетет. Анан дагы бир салт боюнча аял талгак болгон нерсени анын ээси сураса, айтканын берип сатып алышы керек, Бадалбай жолборс жүрөгүнө Жакып берген кара кулак чоң жамбыны берип сатып алып келет.

Түрк-монгол эпосторунда болочок баатырдын энеси жолборстун жүрөгүнө, бүркүттүн, карышкырдын  этине, жүрөгүнө, көзүнө талгак болгон учурлар кездешет да, ал жаныбарлар менен болочок баатырдын окшоштугу айтылат.

Ал эми С.Каралаевдин варианты боюнча Чыйырдыга талгак болгон шердин этин Кочку аттуу калмак атканда 90 төө менен буудай жүктөп барып ошого алмаштырып келет.

Мына ушундай жаныбарлардын жүрөгүнө жана этине талгак болуу менен ал түйүлдүк гана абалга келген болочок баатырдык ким боло тургандыгы тууралуу элдик педагогикалык идеялар берилип жатат.

Андан аркы педагогикалык идеялар болочок баатыр баланын туулгандагы окуялар, ишенимдер, салттар менен байланышат.

Кыргыз маданиятында баланын төрөлүшү ар дайым терең символизм жана маанилүү педагогикалык учурлар менен коштолуп келген, алар каада-салттарды жана үрп-адаттарды гана эмес, келечек муунду тарбиялоонун негиздерин да калыптандырган. Кыргыз элинин элдик акылмандыгы жана этнопедагогикасы жашоого жана жаңы муундарга болгон сый-урматка толгон. Бул баланын төрөлүшүнө байланыштуу ырым — жырымдардан тартып, жаратылыш жана коом менен гармонияда тарбиялоонун баалуулугуна чейин ар кандай аспектилерде чагылдырылат.

Бала бойго бүткөндөн тогуз ай, тогуз күнгө толук толуп, бейшембинин түнүндө толгоо башталат. Мына ушул процесс да эпикалык доордун өзгөчөлүктөрүнө ылайык өтөт: толгоо жети күнгө созулуп, сегиз күнгө толуп, тогуз күнгө караганда толгоосу толот да, көз жара турган күнү болот.

Кыргыз этнопедагогикасында баланын төрөлүшүнө байланыштуу идеялар табигый, руханий жана моралдык баалуулуктар менен терең байланыштуу болуп, муундан муунга өтүп келет. Баланын төрөлүшү жана тарбиясы менен байланышкан салттар жана үрп-адаттар өз улутунун нукура маданиятын жана салттарын урматтаган, күчтүүжаңы муунду , асыл сапаттарга ээ болгон ак жүрөк адамды тарбиялоонун негизин түзгөн. Бул идеялар бүгүнкү күндө дагы өз актуулдугун жоготпой, келечек муунду ата-эне, эл журтка болгон сүйүү, улууга урмат, кичүүгө ызат жана табият менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоодо бай тажрыйба сунуштап келет.

**АДАБИЯТТАР**

Manas: Jusup Mamay – Манас: Жүсүп Мамай [Текст] / Ж.Мамай. –

Айтматов Ч. Цена – жизнь [Текст] / Ч.Айтматов //Литературная газета. – 1986, 13-авг.

Белинская, Е.П. Этническая социализация подростка [Текст] /Е.П.Белинская, Т.Г. Стефаненко. – Москва-Воронеж, 2000. – 208с.

Каденова, Ж.Т. "Манас" эпосундабаламанастынинсан, патриоткатарыкалыптанышындаэлдиктарбиясалттарынынролу [Текст] / Ж.Т. Каденова.

педагогикаилимдерининкандидатыокумуштуулукдаражасынизденипалууүчүнжазылгандиссертациянынавтореферады - Бишкек, 2018. - 28 с.

Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]:1-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296 б.

Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча [Текст] / С.Каралаев. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 247 б.

Педагогический словарь [Текст] – [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://encdic.com/pedagogics/Detstvo-494.html

Серякова, С.Б. Формирование этнокультурной компетентности педагога дополнительного образования [Текст] / С.Б.Серякова. – Новосибирск, 2002. – 166с.

Үрүмчү, 2014. – 562 б.